# Дидактика

№1 (20) январь, 2023-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


# ОшМУ клиникасында биринчи жолу операция жасалды



ОшМУнун медициналык клиникасында алгачкы жолу ашказан рагына чалдыккан бейтапка операция жасалды. Операцияны клиниканын хирургия бөлүмүнүн башчысы врач-хирург, онколог Жанек Белеков эндокопист, онколог, хирург Омурбек Алишов менен биргеликте жасады.

"Бүгүн ОшМУнун тарыхында алгачкы жолу ашказан рагына операция жасалды. Операция 4 саат созулду. Анткени ракка жасалчу операциялар узак убакыт өтө кылдаттык менен жасалат. Акыркы медициналык көндүмдөрдү колдонуу менен бейтаптын ашказанына операцияны ийгиликтүү жасап бүттүк",- деди врач-хирург,онколог Жанек Белеков.

ОшМУнун медициналык клиникасынын операциялык обочосунда мындан ары операциялардын бардык түрү жасалат. Бөлүм акыркы заманбап үлгүдөгү медициналык шаймандар менен жабдылган.

Февраль айында клиникага 2022-жылы чыгарылган 4-1 лопороскоп аппараты алынып келинет, ал аппарат аркылуу абдоминалдык хирургия, гинекология, боор жана урология багыттарында операция жасоого болот.

2022-жылдын декабрь айында окуу жай клиника үчүн "тез жардам" унаасын да сатып алган.

## Ректор бейтаптан кабар алды

ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков 28-январь күнү университететтин медициналык клиникасында алгачкы жолу операция жасалган бейтаптан кабар алды. Учурда бейтаптын абалы туруктуу, дарыгердин көзөмөлүндө, жакындарынын жардамы менен өзү басып жатат. Анын ашказан рагына операция жасалган.



Кудайберди Кожобеков бейтапка ак калпак кийгизип, ден соолук каалады. Бейтап да клиниканын жамаатына, операция жасаган дарыгерлерге ыраазычылыгын билдирди.

Мындан ары ОшМУнун медициналык клиникасынын операциялык обочосунда операциялардын бардык түрү жасалат. Бөлүм акыркы заманбап үлгүдөгү медициналык шаймандар менен жабдылган.

**ОшМУнун маалымат кызматы**

Төмөнкү QR код аркылуу ОшМУнун сайтына кирип, жаңылыктардан кабардар болуп туруңуз

ОшМУнун дистанттык технологиялардын негизинде сырттан окуу боюнча проректору, профессор Т.Т. Жумабаева:

## "Ош мамлекеттик университетинде "Туруктуу өнүгүү максаттары" ишке ашууда"



4-5-6-беттер

## Мугалимдерге кеңеш: "ОКУУЧУНУ ЖАШООГО ДАЯРДАҢЫЗ"

7-бетте

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров ОшМУда



Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Акылбек Жапаров Ош облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында ОшМУда болду. Окуу жайдын "Ак-Буура" кампусундагы медициналык клиниканын ишмердүүлүгү жана медицина факультеттеринин материалдык-техникалык базасы менен таанышты.

Окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков "Ак-Буура" кампусундагы медициналык клиника жана Ош шаардык ооруканасынын эски аймагындагы ОшМУнун медицина клиникасынын курулуш долбоору менен тааныштырды.

"Биз туруктуу өнүгүүнүн максаттарын алдыңкы планга коюп, эл аралык таанууга ээ болуу үчүн негизги талаптарды аткарып, жаңы илимий технологиялардын жетишкендиктеринин негизинде студенттердин билим сапатын көтөрүп, билим берүүчүлүк-илимий-инновациялык комплекс катары университеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды сактоого жана өнүктүрүүгө багыт алуудабыз",-деди окуу жай жетекчиси.

КР Президентинин Жарлыгы менен өлкөдөгү алдыңкы 5 жогорку окуу жайга өзгөчө статус берилген. Анын катарында Ош мамлекеттик университети да бар. Учурда университетте мамлекет тарабынан коюлган талаптарды белгиленген мөөнөттө жүзөгө ашыруу үчүн «Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасы иштелип чыкты.

# Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров "ОшМУнун ардактуу профессору"

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси, экономика илимдеринин доктору, профессор Акылбек Жапаровго "Ош мамлекеттик университетинин Ардактуу профессору" наамы ыйгарылды. Аталган наам окуу жайдын Окумуштуулар Кеңешинин чечимине ылайык,Кыргыз Республикасынын илим жана билим берүүсүнө, жаштар саясатын, экономикасын өнүктүрүүдөгү кошкон зор салымы үчүн ыйгарылды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров жумушчу иш сапарынын алкагында 17-январда Ош мамлекеттик университетинин "Ак-Буура" кампусундагы медициналык клиниканын ишмердүүлүгү жана медицина факультеттеринин материалдык-техникалык базасы менен таанышып, окуу жайдын медициналык клиникасындагы хирургия бөлүмүнүн жана операция жасоочу блогунун ачылышына катышкан.




# Илим тармагындагы реформалар талкууланды

"Илимий-изилдөө тармагында жасап жаткан реформалары жана илимий-изилдөөнү колдоочу заманбап ресурстары" деген аталыштагы илимий-методикалык семинарды Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы илим бөлүмүнүн башчысы Жылдызбек Жакшылыков өтүп, ага ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору Руслан Арапбаев, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облусунда жайгашкан окуу жайлардын жана илим-изилдөө институттарынын өкүлдөрү, окутуучулар, магистранттар жана аспиранттар катышты.

Ж.Жакшылыков илимий долбоорлорду жазуу, долбоорду башкаруу жана долбоордун структуралары, мазмуну жана формасы, эл аралык фонддор жана уюмдар, эл аралык командаларды түзүү жана чет элдик гранттарды тартуу боюнча баяндама жасады. Ошондой эле Дүйнөнүн алдыңкы окумуштуулары менен илимий коллаборацияларды түзүү жолдору, министрликтин илимий долбоорлорду каржылоо конкурсу боюнча маалыматтарга да токтолду.

Семинардын соңунда окумуштуулар тарабынан заманбап илимий маалыматтарды жайылтуу боюнча суроолор берилип, дискуссия менен коштолду.

# Окумуштуулук даража үчүн үстөк жогорулатылды




Министрлер Кабинетинин башчысы Акылбек Жапаровдун төрагалыгы астында өткөн Министрлер Кабинетинин кезектеги жыйынында илимий даража үчүн үстөктөрдү 50%га жогорулатуу чечими кабыл алынды.

Натыйжада, 2023-жылдын 1-январынан тартып илимий, педагогикалык кызматкерлерге, профессордук-окутуучулук курамга, анын ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын кызматкерлерине негизги иштеген жери боюнча эмгек акысына ар айлык үстөктөр төмөнкүдөй белгиленет:

- "Илимдин доктору" окумуштуулук даражасы үчүн – 2700 сом өлчөмүндө;
- "Илимдин кандидаты" окумуштуулук даражасы үчүн – 1350 сом өлчөмүндө.

Мындай чечим Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруунун алкагында илимий чөйрөнү жана илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө материалдык колдоо көрсөтүү максатында кабыл алынды.

Белгилей кетсек, буга чейин илим докторлоруна – 1800 сом, илимдин кандидаттарына – 900 сом өлчөмүндө кошумча төлөмдөр белгиленген.

Кыргызстанда 1179 илимдин доктору жана 5 миң 323 илимдин кандидаты аттестациядан өткөн.

# ОшМУ ар дайым биринчи



ОшМУ ардайым 1-орунда келе жатат. "ОшМУ-университет" кыз-келиндер волейбол клубу 2020-жылы түзүлгөн. Өлкөнүн түштүгүндөгү жалгыз волейбол клуб болуп саналат. Башкы машыктыруучу - Нурзат Исмаилова, машыктыруучунун жардамчысы - Уланбек уулу Курсантбек. Ал эми команданын капитаны - Нышанбаева Гулима.

ОшМУнун жалпы жамаатынын атынан окуу жайдын намысын коргоп жаткан "ОшМУ-университет" кыздар кесипкөй клубуна жана "ОшМУ-университет" балдар кесипкөй клубунун жалпы курамын окуу жайдын жалпы жамаатынын атынан куттуктап, алдыда боло турган турларга да ийгиликтерди каалайбыз!

ОшМУнун ректораты,
жалпы жамааты

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Scopusko макала жазуу үйрөтүлдү



Кыргызстандын 5 ЖОЖуна өзгөчө макам берүү жөнүндөгү президенттин жарлыгын ишке ашыруунун алкагында Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан окумуштууларга кышкы окуу уюштурулду. Окутуунун максаты эмгек рыногу жана эл аралык аккредитациялоо уюмдары, атап айтканда QS World University Rankings талаптарына жооп берген зарыл көндүмдөрдү, билимдерди жана жаңы илимий изилдөөлөрдү түзүү, Scopus же Web of Science маалымат базаларында индекстелген эл аралык таанылган журналдардагы илимий басылмалардын санына өзгөчө көңүл буруу.

"Scopus маалымат базасына индексацияланган журналдардагы илимий басылмаларына макала даярдоо жана басмага берүү" аталышындагы семинар-тренингге ОшМУдан 4 критерийдин негизинде тандалып алынган 7 окумуштуу (изилдөөчү) катышып келишти.

Окутууда катышуучуларга изилдөөнүн методологиясынын негизги концепциялары, ошондой эле изилдөө макаласынын структурасы, изилдөөнүн дизайны (эксперименталдык жана эксперименталдык эмес), үлгүлөрдү алуу ыкмалары, изилдөө сунушу, маалыматтарды чогултуу жана талдоо камтыган ар кандай багыттардагы негизги изилдөө процесси боюнча маалыматтар берилди.

Катышуучулар изилдөө процессин түшүнүү жана сандык, сапаттык жана аралаш методдордо изилдөө жүргүзүү, кол жазманы басып чыгаруу процессин түшүнүү үчүн зарыл болгон негизги билимдерди жана көндүмдөрдү алышты. Ошондой эле, катышуучулар Stata жана SPSS программалык программаларын колдонуу менен маалыматтарды талдоо жана изилдөө долбоорунун планын жазуу боюнча да көндүмдөргө ээ болушту. 2023-жылдын 24-январында окутууга катышып келгендер менен ректор Кудайберди Кожобеков жолугуп, алдыда бул багытта жасала турган иштер жана семинардан алган жыйынтыктар боюнча талкуулашты.

# QS рейтингине кирүү талкууланды



ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков университетте иштеп жаткан чет өлкөлүк окутуучулар, ыктыярчылар менен жолугуп, баарлашты. Мында алардын миграциялык, укуктук, документациялык, турак-жай жана башка маселелер боюнча көйгөйлөрүн угуп, чечүүгө көмөктөшөрүн айтты.

Ошондой эле, чет өлкөлүк окутуучулардын, ыктыярчылардын ОшМУнун QS рейтингине кирүүдөгү алардын ролу талкууланды. Буга байланыштуу окуу жайдын улуттук жана эл аралык рейтинг бөлүмүнүн башчысы Максат Тотобаев университеттин QS рейтингине киришине чет өлкөлүк окутуучулардын таасири боюнча маалымат берди. Катышуучулар окуу жайды алдыда дагы өнүктүрүү боюнча сунуш пикирлерин айтышты.

Иш-чарага АКШ, Кытай, Корея, Япония, Пакистан, Индия жана Түркия сыяктуу 10го жакын өлкөнүн жарандары катышты. Жолугушууну университеттин чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү уюштурду.

# Чет өлкөлүк студенттерге көңүл бурулууда

ОшМУнун чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү учурда кураторлорду визалык, миграциялык маалыматтар менен тааныштыруу жана аларга көрсөтмө материалды таркатуу максатында жолугушууларды уюштура баштады.

Алгачкы жыйын медицина, табият таануу, туризм жана айыл чарба технологиялары, теология факультеттеринин жана медициналык колледждин кураторлору үчүн өткөрүлдү.

Жыйында чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү тарабынан маалыматтар берилип, кыргыз жана орус тилдеринде даярдалган эскертме баракчалар таркатылды.

Чет өлкөлүк студенттер үчүн бөлүм тарабынан уюштурулуучу интеллектуалдык, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралардын планы талкууланды. Жыйын суроо-жооптор менен коштолду. Жыйындын соңунда бөлүм кызматкерлери кураторлордон берилген маалыматтарды жана нускамаларды чет өлкөлүк студентерге өз убагында жеткирүүнү өтүнүштү. Мындай жолугушуулар университеттин бардык факультет, колледждери үчүн уюштурулат.



ОшМУнун чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү буга чейин чет өлкөлүк студенттер үчүн окуу жайдын факультет, колледждеринде "Виза. Мыйзамсыз миграция. Жүрүм-турум эрежелери. Этикалык нормалар. Диний экстремизмге каршы туруу" аттуу маалымат жыйындарын өткөргөн.

# Илим жолундагы ийгиликтер



Теология факультетинин окутуучусу Зууридинов Өскөнбай Анаркулович 2023-жылдын 16-январь күнү Түркиянын Анкара университетинде «Диндер тарыхы» боюнча «Манас эпосунда"ыйыктык жана ыйыктар» темасында PhD доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргоду.

Ошондой эле факультеттин дагы бир окутуучусу Абдуганиев Асилбек 2023-жылдын 26-январь күнү ушул эле университетте «Хадис» багыты боюнча «Закария Кандахлавинин "хадис илиминдеги" орду, Фазаили Амалы жана коомдук таасири (таблиг жамааты негизинде)» темасы боюнча PhD доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргоду.

Илимпоз окутуучуларга мындан кийинки илимий иштерине да ийгиликтерди каалап, бекем ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт каалайбыз.

ОшМУнун ректораты

Теология факультетинин эмгек жамааты

# IT адистери тажрыйба бөлүштү

Учурда дүйнөдө эң өнүгүп келе жаткан IT тармагында аралыктан иштөө менен эффективдүү киреше булагына ээ болууга толук мүмкүнчүлүк бар. Бул боюнча Математика жана информациялык технологиялар факультетинде өткөн IT адистер менен болгон жолугушууда айтылды.

Жолугушууга факультеттин сыймыктуу бүтүрүүлөрү, бүгүнкү күндө аралыктан Чехиянын Прага шаарында Slotegrator компаниясында эмгектенген Мелис Жолдошев, Орусиянын Москва шаарында беделдүү IT компанияларда иштеген Шайырбек Бактыбек уулу, Дониербек Валижанов, Бектурсун Кадыркулов жана Ош шаарындагы Biruni IT академиясынын жетекчиси, Google компаниясынын туштүктөгү өкүлү Санжарбек Аданов, окуу жайда IT багыты боюнча билим алган студенттер, окутуучулар катышты.

Иш-чарада коноктор студенттерге IT тармагынын артыкчылыктары, аралыктан иштөө аркылуу каражат




табуу жолдору, программалоо тилдери, дизайн, сайт түзүү боюнча маалыматтарды беришти. Ошондой эле, өздөрүнүн тажрыйбалары менен бөлүшүп, кеңештерин айтышты.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити
2023-жыл, январь


# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ




**ОшМУнун дистанттык технологиялардын негизинде сырттан окуу боюнча проректору, б.и.д., профессор, КР УИАнын мүчө- корреспонденти Т.Т. Жумабаева:**

# "Ош мамлекеттик университетинде "Туруктуу өнүгүү максаттары" ишке ашууда"



Ош мамлекеттик университети Борбордук Азиядагы билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде адистерди чыгарган эң ири университет. 2017-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, руханий жана интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө кошкон өзгөчө салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин № 189 Жарлыгы менен "Даңк" ордени ыйгарылган. Ал Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана көз карандысыз аккредитациялоо жана рейтинг агенттиги (IAAR) тарабынан өткөрүлгөн "Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтинги" программасынын жыйынтыгы боюнча Генералдык рейтингинде жыл сайын 1-орунду камсыздап келет.

Ош мамлекеттик университети 2021-жылы «Евразия университеттеринин рейтинги-2021» эл аралык рейтингинин жыйынтыгы боюнча "Көп тармактуу университет" номинациясын алса, 2022-жылы Евразия мейкиндигиндеги эң мыкты ТОП-3 университеттин катарына кирди. Бул жетишкендиктер ОшМУнун дүйнөлүк мыкты университеттердин рейтингине кирүүгө жасалып жаткан иш аракеттерин тастыктайт.

## Академиялык эркиндик

2022-2023-окуу жылында университеттин окуу процесси академиялык эркиндиктин принциптерине жана студенттин жеке траекториясына негизделген дисциплиналарды жана окутуучуну тандоо мүмкүнчүлүгүн киргизди. Студент өзү каалаган дисциплиналык курсту жана окутуучуну эркин тандап, тиешелүү кредиттик сааттарды өздөштүрөт. Бул кадамдар күчтүү атаандаштыкты жаратып, билим берүү сапатына түз таасир этип, академиялык эркиндикти, чынчылдыкты камсыз кылат жана дүйнөлүк рейтингде академиялык аброю менен байланышкан талаптарды сактайт.

Билим берүү – Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүн шарттаган артыкчылыктуу тармактарынын бири.

Дүйнөлүк ааламдашуу, дүйнөлүк масштабдагы өзгөрүүлөр ар бир мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө багыт алуу зарылдыгын пайда кылат. Өлкө адам ресурстарына жараша өнүгөт, ал эми аны камсыз кылуу үчүн заманбап билим берүү системасын түзүүгө өзгөчө маани берилет.

2015-жылы Бириккен улуттар уюмунун Башкы Ассамблеясында 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүүнүн максаттары белгиленип, анын ичинде сапаттуу билим берүүнү жана бүткүл жашоодо бардыгына билим алууга жеткиликтүү мүмкүнчүлүк түзүү максаты негизги документ катары кабыл алынгандыгы белгилүү. Документте дүйнө – бул жалпы сабаттуу дүйнө, адамдын дараметин өнүктүрүүдө бардыгына бирдей мүмкүнчүлүк түзө турган дүйнө, мында жеткиликтүү билим алуу үчүн бардыгы бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болуусу зарыл экендиги белгиленген.

## Ченемдик документтер

Ош МУ билим берүүнү заманбап талаптарга жараша өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасында кабыл аланган төмөндөгү укуктук-ченемдик документтерге таянып иш алып барат, алар: «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы», «Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү 2021-2030- жылдарда өнүктүрүү стратегиясы», «Билим берүү

> *"Билим берүү – Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүн шарттаган артыкчылыктуу тармактарынын бири."*

жөнүндө» мыйзамына, «Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты» (2021), «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы», «Ош мамлекеттик университетинин «Коом жана билим берүү» пилоттук долбоору» (2021), «Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасы (2023), "Стратегиялык максатка жетүү милдеттерин ишке ашыруу үчүн аткарыла турган иш-аракеттердин деталдаштырылган планы" ОшМУнун ОКнин тиешелүү чечимдери ж.б.

Бул документтерде билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары белгиленип, окутууну натыйжага багыттоо, окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу, инсанга багытталган билим берүүнү ишке ашыруу, маалыматтык технологияларды колдонуу менен билим берүү системасын куруу, башкаруу деңгээлинде маалымат менен алмашуу, өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү аркылуу билим берүү сапатын жогорулатуу негизги милдеттер катары каралган.

2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын негизинде билим берүү системасы ар тараптуу инсанды тарбиялоого, иш жүзүндө колдонулуучу билимдерди жана көндүмдөрдү берүүгө багытталат. Ар бир жаран үчүн сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

## «4.0 Индустриясы» технологиясы

Билим берүүнү жаңылоонун негизги шарттарынын бири - мугалим, мектеп администрациясы, окуучу, ата-эне, коомчулук бири-бири менен өз ара тыгыз аракеттенип, бирдиктүү иштеши.

Эмгек рыногунда коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн негизинде, айрым кесиптерге курч талаптар коюлса, айрымдары жоголуу алдында турат.

Давосто (2016) болуп өткөн Дүйнөлүк экономикалык форумда жакынкы арада окуучулардын 60% жаңы пайда болуучу кесиптерге: робототехника, биотехнология, IT-технология, экономиканын жаңы тармактары жана нанотехнология ж.б. үйрөнүшү зарылдыгы белгиленген.

Билим берүү системасына кескин түрдү өөзгөртүүлөр киргизилип, дүйнө жүзүндө «4.0 Индустриясы»

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



технологиясынын кеңири таралышы күтүлүүдө.

Демек технологиялык, санариптик жана биологиялык тармактардын ортосунда чектердин жоюлушу орун алат.

«4.0 Индустриясы» – бул үчүнчү өнөр-жай революциясынын жетишкендиги жана жаңы инновациялардын келип чыгышы болгондуктан, коом өзүн жоготуп алуусун каалабаса, билим берүү системасын жаңы нукта өнүктүрүшү зарыл.

## Пилоттук долбоор

Ош мамлекеттик университетинде Туруктуу өнүгүү максаттарынын негизинде билим берүү жана концепцияны ишке ашыруу максатында «Коом жана билим берүү» пилоттук долбоору (№ 17-Р/21 04.05.2021 ) иштелип чыгып, турмушка ашырылууда.

-ОшМУ илимий изилдөөлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарынын негизинде эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу жана жеткиликтүү билим берет. Университет өзүнүн коомунун мүчөлөрүнүн интеллектуалдык, маданий жана жеке өнүгүүсүн камсыз кылып, улуттук баалуулуктарды сактоого жана өркүндөтүүгө көмөктөшөт.

Стратегиялык пландаштыруу процесси биздин стратегиялык максаттарга жетүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана ИСО 9000:2015 стандарттарына ылайык, ар бир багыт боюнча уюштуруу натыйжалуулугун пландаштырган иш-чараларды аныктоого мүмкүнчүлүк берди. Стратегиялык пландаштырууну аныктоо процесси төмөнкүдөй этаптарды камтыган:

Миссия, баалуулуктар, көз караш;

Позициялык анализ;

Негизги жана стратегиялык максаттарды аныктоо;

Стратегияны жана иш-аракеттерди аныктоо;

БУУнун туруктуу өнүгүү тармагында 17 максат менен байланыш.

Эффективдүүлүктүн сандык көрсөткүчтөрүн аныктоо;

Стратегиялык жол картасын жалпы макулдашуу.

2015-жылдын 25-сентябрында БУУнун 193 мүчө-мамлекеттери туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча милдеттенмелерди алышкан. Бул чечим «Биздин дүйнөнүн кайра түзүлүшү: 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартиби» документинде бекитилген.

«Коом жана билим берүү» 2021-2022 пилоттук долбоору университеттин потенциалын комплекстүү өнүктүрүү боюнча «жол карта» болуп саналат. Университеттин алдында пандемиядан улам келип чыккан милдеттер турат, аны ийгиликтүү ишке ашыруу дүйнөнүн алдыңкы илимий изилдөө университеттеринин глобалдык коомчулугуна минималдуу зыян менен интеграция болуп, университеттердин ТОП-829 эл аралык рейтингине киргүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.



## Артыкчылыктуу багыттар

Университеттин алдына койгон артыкчылыктуу багыты коомчулуктун талабына ылайык, билимге, кесипкөй адистерди даярдоого, илимий изилдөөлөрдү коммерциялаштыруу б.а. өндүрүмдүүлүккө багыттоо менен жүргүзүүгө жана ишкерликке инвестиция салуу, стартаптарды өрчүтүү болуп саналат. Ош мамлекеттик университети өзү жайгашкан жердин туруктуу өнүгүүсүнө, б.а. коомго, жаратылышка, экономикасына, саламаттыгына жакшы таасир берүү менен бирге, каалоочулардын баарына жеткиликтүү сапаттуу билим берүү зарыл деген саясатты карманат жана бул багыттарда изилдөөлөрдү жүргүзүү жана билим берүү боюнча ар кандай эл аралык программаларга басым жасап, жергиликтүү жана Эл аралык университеттер менен иш алып барат жана изилдөөлөрдүн, билим берүүнүн эл аралык мейкиндигине айланат.

Университет коомдун муктаждыктарын канааттандырууга багыт алып, жогорку технологиялардын өндүрүштүк борбору болуу үчүн төмөндөгүдөй стратегияларды аныктады:

1. Туруктуу өнүгүү стратегиясы;

2. Мультикампус интеграциялык стратегиясы.

## Сегиз милдет

«Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" (2023) стратегиялык программасындагы максаты: университеттин туруктуу өнүгүүсү. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй 8 милдет коюлган:

1 - милдети. Изилдөөнүн сапаты. Коомдун негизги маселелерин чечүү үчүн фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү

2-милдети. Долбоордук иш. Улуттук жана эл аралык контекстте илимий долбоорлордун ишин колдоо

3-милдети. Сапаттуу окутуу. Адамдардын жана коомдун керектөөлөрүн эске алуу менен программаларынын каталогунда сапатты жана инновацияны алдыга жылдыруу

4-милдети. Жагымдуулук. Билим берүү чөйрөсүнүн жагымдуулугун жана эл аралык аспектин жогорулатуу

5-милдети. Студенттер. Студенттерге жогорку билим алуу укугу боюнча саясатын колдоо жана аларга кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу

6-милдети. Инновация. Коомдун социалдык-экономикалык структурасынын пайдасына технологияны жана билимди өткөрүүнү жакшыртуу

7-милдети. Жайылтуу. Илимий жана маданий иш-чараларды популяризациялоо

8-милдет. Туруктуулук. Социалдык, финансылык жана экологиялык туруктуулукту жакшыртуу боюнча демилгелерди кубаттоо атайын индикаторлор белгиленген.

## Интеграциялануу аракети

ОшМУда Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ): жакырчылыкты (1) жана ачарчылыкты жоюу (2), жакшы ден соолук жана бакубаттуулук (3) сапаттуу билим берүү (4), гендердик теңдик (5), таза суу жана санитария (6), арзан жана таза энергия (7), татыктуу жумуш жана экономикалык өсүү (8), индустрия, инновация жана инфраструктура (9), теңсиздикти азайтуу (10), туруктуу шаарлар жана жамааттар (11), жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүш (12), климаттык өзгөрүш мене күрөш (13), суунун астындагы жашоо (14), жердин үстүндөгү жашоо (15), тынчтык, акыйкаттык жана натыйжалуу институттар (16), жалпы максаттар үчүн өнөктөштүк (17) боюнча НББПларындагы окутуунун күтүлүүчү натыйжаларында жана ар бир предметтерде, дисциплиналарда тиешелүү калыптануучу компетенцияларында кийирилип ТӨМгө интеграциялап билим берүү пландаштыруу аркылуу иштер алып барылууда.

Жалпы университеттик деңгээлде да туруктуу өнүгүүнүн 3 негизги аспектисинен турган: экономикалык өсүштү, социалдык интеграцияны, коомдук саламатчылыкты сактоону жана айлана-чөйрөнү коргоо, жаратылыш байлыктарын сарамжал пайдаланууну камтыган тең салмактуу прогрессти камсыздоого багытталган иш чараларга басым жасалууда. Ошентип жергиликтүү, бирок универсалдуу мүнөздөгү көйгөйлөрдү чечүү аркылуу дифференциалдуу өзгөрүүгө жол ачуу аракетиндебиз.

## Төртүнчү максат

Ар тараптуу жана адилеттүү, сапаттуу билим берүүнү камсыздоо жана бардыгы үчүн окуу мүмкүнчүлүгүн түзүү.

Билим берүү – Туруктуу өнүгүүнүн көптөгөн максаттарына жетүү үчүн негизги элемент. Билим берүү элдердин ортосундагы мамилелерде толеранттуулукту жогорулатуу жана теңсиздикти кыскартуу үчүн негизги кызматты аткарат, элдерге туруктуу жана сергек жашоого мүмкүндүк берет.

«Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында» жана Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү 2021-2030- жылдарда өнүктүрүү стратегиясында жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылга төмөнкүдөй болот:

1. Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү рыноктун жаңы талаптарына жооп беришет.

2. Жогорку окуу жайлар рыноктун жаңы талаптарына жараша оптимизацияланып, мамлекеттик компоненттер кайрадан такталып, кесипке багытталган окутуу тереңдетилип, мамлекеттик компоненттин көлөмү 30-40%дан ашпайт.

3. Университеттерге академиялык эркиндик берүү менен, студенттердин эркин тандоо мүмкүнчүлүктөрү кеңейген.

4. Медиа билим берүү активдүү колдонулат.

5. Университеттер билим берүүнү практика жана инновация менен айкалыштырышат, бизнес, экономика сектору менен активдүү кызматташышат.

6. Мамлекеттик деңгээлде практикалык аянтчалар (стартап борборлору, технопарктар, лабораториялар, IT-борборлору) түзүлгөн.

7. Лицензиялоо жана аккредитациялоо процесстери дүйнөлүк стандарттарга жакындашкан, Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулайт.

## Компетенциялар матрицасы

ОшМУда (2022-жыл, апрель) жогорудагы стратегияны жана концепцияны ишке ашыруу максатында атайын окуу методикалык бирикменин (ОМБ) жобосу иштелип чыкты, анын негизинде ОМБ түзүлүп, иштер жүргүзүлдү.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары (ЖКББ МББС) боюнча (2021-ж) бакалаврларды, магистранттарды даярдоо багыттарында окуу пландарын (ОП) талдоо, түзүү учурунда жаңы стандартта берилген мүмкүнчүлүктөр эске алынып, негизги билим берүү программаларынын (НББП) ОП окутуунун бардык формаларында мамлекеттик компоненттин көлөмү, базалык бөлүк (50%), вариативдүү бөлүктөгү ЖОЖ компоненти менен тандоо курстары (70-30 же 3/1) көрсөтүлгөн талаптардын, эрежелердин негизинде, милдеттүү ченемдерден ашырылган жок.

Окуу планын түзүүдө: 1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк тармактары (жааты) жана ишмердүүлүгүнүн милдеттери;

2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери;

3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү.

4. НББПнын талаптары:

а) Универсалдык (ЖИК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК) компетенциялары;

б) Кесиптик компетенциялары (КК);



в)Профилдик, саны 5тен ашпаган КК кошулат.

КК аныктоодо КР Улуттук квалификациялар рамкасын эске алуу менен, иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин, тармактык алдыңкы тажрыйбалуу адистердин, программа жетекчилеринин жана кафедра башчысынын жоопкерчилигинде такталып, компетенциялар матрицасы түзүлөт. Ар бир компетенцияны калыптандырууга тиешелүү предметтер такталып, ОП сунушталды.

Демек, концепциянын 2030-жылга «Жогорку окуу жайлар рыноктун жаңы талаптарына жараша оптимизацияланып, мамлекеттик компоненттер кайрадан такталып, кесипке багытталган окутуу тереңдетилип, мамлекеттик компоненттин көлөмү 30-40%дан ашпайт» деген сунушун аткаруунун аракетиндебиз.

## Учурдагы абалдан чыгуу

Окутуунун басымдуу бөлүгү жаңыланбаган салттуу методдор менен жүргүзүлөт. Натыйжада, ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрү сынчыл ой жүгүртүүгө, өз алдынча изденүүчүлүккө, кризисти башкарууга, кайтарым байланышты уюштурууга үйрөнүшпөйт”- деп белгиленген кемчиликти жоюу максатында, 2022-2023-окуу жылынан жаңы түзүлгөн ОП менен 1-курстун студенттерине мамлекеттик ЖОЖдордон алгачкылардан болуп предметтерди, окутуучуларды тандоо процесси уюштурулду. Студенттер жекече окуу планын түзүүгө алгачкы кадамдар башталды. Башкача айтканда, академиялык эркиндик берүү менен студенттердин окуу предметтерин эркин тандоо мүмкүнчүлүктөрү түзүлүүдө.

Университетте кесиптик багыттарда ишкердик жөндөмдүлүктөрүн арттыруу менен студенттерди коомдук-экономикалык өнүгүүгө ыңгайлаштыруу, адаптациялоо максатында бардык багыттарда «Кесиптик багыттагы ишкердик» деген атайын предмет киргизилди, «ОшМУнун студенттик бизнес борбору» ачылып, алгылыктуу иштер алып барылууда.

Студенттик илимий, бизнес долбоорлор, стартаптар ТӨнүн 17 максаттарынын негизинде, аймактык көйгөйлөрдү изилдөөгө багытталууда.

## Туруктуу өнүгүү максаттарына ылайык

Демек, 2030-жылга багытталган концепцияга ылайык, билим берүүнү практика жана инновация менен айкалыштыруу, бизнес, экономика сектору менен активдүү кызматташуу ОшМУда системдик түрдө ишке аша баштады.

6. Университетте илимий-практикалык аянтчалар (стартап борборлору, технопарктар, лабораториялар, IT-борборлору) түзүлүп, иштер алып барылууда.

ТӨ нүн 13, 15-максаттарын ишке ашырууда ОшМУда табият таануу жана агрардык технологиялар факультетинде 2014-жылдан баштап «Биокөптүрдүүлүкжанажаратылышты сарамжал пайдалануу боюнча» ар жылы өткөрүлүүчү конференция иш жүргүзүп келет. Конференцияда республикалык, регионалдык деңгээлдеги тийиштүү экологиялык көйгөйлөр, жаратылыш байлыктарын сарамжал пайдалануу маселелери, биокөптүрдүүлүктүүсактоо, көбөйтүү маселелери каралып, тиешелүү чечүү жолдору талкууланып, сунушталып, макалалары “ОшМУ жарчысында” басылып келет.

«Тоо экосистемаларынын туруктуулугу: өздөштүрүү жана коргоо» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция

өткөрүлдү (2022-10-19). Конференцияда Польша, Болгария, Казакстан, Өзбекстандан көрүнүктүү окумуштуулар, КР ББжИминистринин орун басары Расул Абазбек уулу, ОшМУнун ректору К.Г. Кожобеков, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, университеттин окумуштуулары, окутуучулар жана студенттер катышышты. Жаратылыштын, биокөптүрдүүлүктүн учурдагы абалы, көйгөйлөрү, сактоо жолдору, тоо экосистемасын коргоо, климаттык өзгөрүүлөргө, туруктуу өнүгүүгө байланыштуу баяндамалар жасалды.

Көп тилдүү жана полимаданияттык билим берүүнүн өнүгүүсүнө жогорулаган көңүл буруу билим берүү аркылуу коомдо интеграциялык процесстерди тереңдетүү үчүн мамлекеттин саясатынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

## Алгылыктуу иштер

Туруктуу өнүгүү максаттарынын 1, 2, 4, 5, 6, 7, 8, 11, 12, 13, 15 пункттарына ылайык, жана локалдуу көйгөйлөрдү ачыкка чыгаруу аркылуу универсалдык көйгөйдү чечүү максатында ОшМУда алгачкылардан болуп атайын илимий долбоорлорго акча бөлүү практикаланууда. Мисалы , Жашыл мурас"(зеленое наследие)" долбооруна 700 000 сом акча бөлүнүп, алар жер кыртышынын эрозиясын азайтуу, суу режимин сактоо, биокөптүрдүлүүктү коргоо максатында, жер көчкү көп болгон Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн аймагында токойдун территориясын кеңейтүү зарылдыгын белгилешип, 5-6 млн, түп дарактарды отургузууну пландаштырышкан, 2022-жылы ТТжАТ факультетинин окутуучуларынын жана студенттеринин жардамы менен питомник түзүлүп, 200 түп көчөттөр, жаңгак уруктары себилди.

2021-2022 – окуу жылында 9 долбоорго 5млн. сом бөлүнгөн болсо, алардын 70% ТӨ белгилүү максатындагы көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган.

2022-2023 - окуу жылына 14 долбоор сынактан өтүп, аларга 12 млн. сом бөлүнгөн. Долбоорлор дээрлик ТӨ № 17 максатын локалдык деңгээлде чечүүгө багытталган десем жаңылышпайм.

«ОшМУнун студенттик бизнес борбору» ачылып, ТӨнүн максаттарын ишке ашыруу боюнча алгылыктуу иштер алып барылууда.

Көп тилдүү билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот: 1. Мектептерде бир нече тилде (кыргыз, орус жана бир чет тилде) сабактар уюштурулат.

2. Мектеп окутуу тилине бөлүнбөйт. Тил боюнча басмырлоого же бир гана тилге басым жасоого жол берилбеген билим берүү системасы иштейт.

17-Максат. Туруктуу өнүгүүгө жетүүнүн каражаттарын бекемдөө жана туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыктарында глобалдуу өнөктөштүк механизм иштерин активдештирүү.

Өзгөчө макам - өнүгүүгө өбөлгө

Президент Садыр Жапаровдун 2022-07-18 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгынын негизинде 5 ЖОЖго өзгөчө статус берилди.

Жарлыктын максаты жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарын, потенциалын жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн дүйнөлүк рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

Туруктуу өнүгүү максаттарын ийгиликтүү ишке ашыруу глобалдык, регионалдык жана жергиликтүү деңгээлде өкмөттөрдүн, жеке сектордун жана жарандык коомдун ортосунда ийкемдүү өнөктөш мамилелерди түзмөйүн мүмкүн эмес.

Бул жаатта ОшМУ Ош областтык мамлекеттикадминистрациясы,Ошшаарынын мэриясы, Суу чарба башкармалыгы, КР УИАнын Түштүк филиалынын институттары, Ош областтык бириккен клиникалык ооруканасы, Ош шаардык ооруканасы, Ош областтык санитардык көзөмөлдөө ж.б., жалпы область боюнча 400дөн ашуун ишкана - мекемелер менен кызматташтык өнөктөштүк мамиле келишимдери боюнча иш алып барылууда.

2022-жылдын 27-октябрында ОшМУ менен Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин түштүк аймактар аралык башкармалыгы менен кызматташуу боюнча меморандумга кол коюлду.

Меморандумда конок лекцияларды, мастер-класстарды (анын ичинде онлайн) өткөрүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча биргелешкен окууларды уюштуруу, тараптардын кызматташтыгын өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, билим берүүнү жана жаштарды өнүктүрүү боюнча илимий-практикалык конференцияларды, форумдарды, семинарларды уюштуруу жана биргелешип катышуу каралган.

# ОшМУда "Туруктуу өнүгүү максаттарын" жайылткан семинар болуп өттү

Аталган тема боюнча тажрыйбалуу адистер, география илимдеринин кандидаты, доцент Калима Джунушалиева жана педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Гүлмира Шамкановалар окутуучулар үчүн мезгил талап кылган зарыл усулдарды жана көндүмдөрдү айтып беришти.

Тренингде "Туруктуу өнүгүү"-деген эмне? Туруктуу өнүгүүнүн 17 максаты кайсылар? Канткенде "Экология", "Экономика" жана "Социум" үчөөсүн, эриш-аркак кароо менен өлкөбүздүн туруктуу өнүгүүсү үчүн салым кошо алабыз? Билим берүү, баалоо жана күтүлүүчү натыйжа сыяктуу бир нече маалыматтар талкууланып, практикалык иштер менен коштолду.


"Семинар биз үчүн аябай пайдалуу болду. Сабак өтүүнүн заманбап тактикасын, сүйлөө чеберчилигин, анализ жасоонун ыкмаларын, "Туруктуу өнүгүүнүн" 17 максатын жана ал максаттарга жетүүнүн жолдорун үйрөндүк,"- дейт ОшМУнун окутуучусу Бактыгул Байтикова.

Тренингдин жыйынтыгында бир топ колдонмо материалдар жана сабакты кызыктуу өтүү үчүн даяр иштелмелер ар бир катышуучуга акысыз таратылды.

Эскерте кетсек, "Туруктуу өнүгүү максаттарына" арналган бул семинар Ош мамлекеттик университетинде үчүнчү жолу өтүп жатат.



# Окуучуну жашоого даярдаңыз



Мектептерде бере турган билим балдарыбыздын акыл-эсине, сезимине, физикалык жана социалдык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталат. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө билим берүү процессинде сезимталдыкты жана социалдык абалды өнүктүрүү экинчи планда калып жатат. Окуучунун жалгыз гана акыл-эсин өнүктүрүүгө басым жасап отуруп, алардын башка адамдар менен мамиле түзө билүүсүнө жеткиликтүү маани бербей жатабыз. Баланын социалдык чөйрөдө коом менен чогуу жашоонун маанилүүлүгүн түшүнсө, анын келечекке болгон үмүтү да чоң жана бекем болор эле.

Жашоодо ар түрдүү проблемаларга дуушар болгондо өзүн алсыз сезип, эмне кыларын билбей калган окуучулардын аянычтуу тагдыры, эң ириде мугалимдердин да күнөөсү болуп саналат.

Мугалимдер балдарды келечекке даярдоодо ар түрдүү социалдык жөндөмдүүлүккө ээ кылуусу зарыл. Жалаң гана куру маалымат менен жашоонун изине түшкөн окуучу социалдык жашоонун чыныгы "жүзүн" көргөндө сынып калышы ыктымал. Бардык маалыматты жаттоого үндөө билим берүүнүн максатына туура келбеген пайдасыз, ошол эле мезгилде зыяндуу ыкма. Себеби, бул ыкма баланын сабактан көңүлү калышына алып келет. Окуучулар жашоодо эч бир пайдасы болбогон керексиз маалыматтардын ордуна, чын жашоону жана чыныгы жашоо менен байланышкан маалыматтарды үйрөнүүнү каалайт.

Класс окуучулардын тыптынч отуруп мугалимди гана уккан жер эмес. Ал жер, балдардын биргеликте изилдөөлөрдү жүргүзгөн лаборатория абалына келүүсү керек. Мүмкүн болсо класстын ар кайсы бөлүгүндө башка-башка материалдар коюлган бурчтарды жасоого болот. Себеби, класс ар түрдүү кызыгуусу болгон окуучулардын топтому.

Окуучуларды социалдык жактан дагы өнүктүрүү үчүн ар түрдүү окуучулардан түзүлгөн тайпаларга бөлүп, бири-бири менен пикир алышына, мамиле кылуусуна шарт түзүү керек. Белгилүү бир группанын ичинде өз оюн эркин айта алган окуучу сүйлөгөндү, ойлонууну, башка адамдын оюн сыйлоону, мактоону, билимин ар тараптуу өнүктүрүүнү, эң башкысы, жашоону үйрөнөт.

Мугалимдин окуучуга үйрөтүүсү керек болгон "социалдык жөндөмдүүлүктөр" кайсылар?

### Коммуникациялык жөндөмдөр:

- Угуу;
- Сүйлөөнү баштоо;
- Сүйлөө;
- Суроо сурай билүү;
- Ырахмат айтуу;
- Өзүн тааныштыруу;
- Башкаларды тааныштыруу;

### Мамиле түзүү жөндөмдөрү:

- Ырахмат айтуу;
- Мактоо;
- Кичи пейилдик менен жардам суроо;
- Кечирим суроо;
- Группага кошулуу;
- Группадагы иш бөлүштүрүүгө катышуу;
- Группадагы жоопкерчилигин аткаруу;
- Башкалардын оюн да түшүнүүгө аракет жасоо;
- Эрежени сактоо;
- Уруксат суроо;
- Тажрыйба жасоо;
- Башкаларга жардам берүү.

### Сезим жөндөмдөрү:

- Ачуулануусун тескей билүү;
- Өзүнүн сезимдерин билүү;
- Сезимдерин билдирүү;
- Башкалардын сезимдерин түшүнүү;
- Башка адамдын ачуусуна туруштук берүү;
- Сүйүүнү, жакшы сезимдерди билдирүү;
- Өзүнө жана башкаларга сыйлык берүү;
- Бөлүшүү;

### Кызуу кандуулукка туруштук берүү жөндөмдөрү:

- Көндүрүү;
- Коркпоо;
- Өзүнүн акысын жедирбөө;
- Шылдыңдоого туруштук берүү;
- Уруштан алыс болуу;
- Ийгиликсиздикке туруштук берүү:

### Группанын басынтуусуна туруштук берүү:

- Уялган абалда туруштук берүү;
- Жалгыздыкка туруштук берүү:

### Багыт тандоо жөндөмдүүлүгү:

- Эмне жасай турганын чечүү;
- Максат коюу;
- Маалымат чогултуу;
- Бир иш менен алектенүү.

Жогоруда аталган жөндөмдүүлүктөрдү мектепте кантип үйрөтөбүз? Бул маселени чечүү үчүн мугалим белгилүү убакыттын ичинде ойлонуп, анализ жүргүзүп, чечимди жеке кабыл алуусу зарыл.

Мугалим окуучуга билим берүү үчүн кандай даярдык көрсө, аны жашоого үйрөтүүгө да андан кем эмес даярдык көрөт. Окуучу алган билимин жаттап жана түшүнүп гана койбостон, аны иш жүзүндө колдонууну билүүгө да укуктуу. Мектептеги маалыматтар жана көнүгүүлөр окуучунун кийинки жашоо-турмушуна пайдалуу болушу шарт. Эгерде окуучу алган билимин мектепти бүтүргөн соң колдоно албаса, анын жаштыгы аттестат алууга гана коротулган болуп, мугалимдин эмгеги текке кетти деп бааланат.

Окуучуга мисалдар реалдуу жашоодон алынып, өтүлүп жаткан сабак менен турмуштун байланышы ынанымдуу түшүндүрүлсө, анда жашоого даярдоо процесси ишке ашкан болот. Окуучулар алган маалыматтары боюнча тажрыйба жасоо шансына да ээ болушу абзел. Тажрыйба жасаган окуучулар татаал кырдаалдарды жеңе билүүгө, тобокелчиликтерден аман-эсен аттап өтүүгө көнө башташат. Мына ошентип үйрөнүүдөгү бүтүндүк пайда болот.

Окуучуларга жалгыз гана маалымат берген жана берген маалыматты үн-сөзсүз кабыл алуусун талап кылган мугалимдин жоругу туура эмес ыкма экенин улуу ойчул Конфуций баса белгилеген: "Ойлонбостон үйрөнүлгөн ар бир нерсе куру аракет гана болуп саналат".

Мугалим маалымат берип жатканда теманын жашоо менен байланышын көрсөтүп, окуучунун оюн жана мисалдарын угууга аракеттенет. Себеби, чыныгы билим – тажрыйбадан өткөн, чындыкка жакын болгон маалымат. Мисалы, биз көп жылдар бою деңизди сүрөттөп, үйрөтүп да, бирок, окуучуга сүзүүнү үйрөтпөйбүз. Акылмандар айтмакчы, "балага балык кармап бергенден көрө, балык кармаганды үйрөтүп койгон абзел" эмеспи? Тыназ Тытыз (T naz T t z)

Атактуу философ Сократ мурунку окумуштуулардын жазган чыгармаларын окуучулары менен сүйүп окушат эле. Ал окуган жакшы жерлерин алып окуучулар менен бирге анализдеп, окуучулардын пайдасы үчүн колдонот эле.

Селим Узун оглы окуучулар тарабынан "мыкты мугалим" аталуу үчүн педагог төмөнкү сапаттарга ээ болушу керек:

* Убадага бек туруу;

* Өз оюн жеткиликтүү түшүндүрүү;

* Эркин ойлонуу жана ошол эле мезгилде башкалардын оюн сыйлоо;

* Бирден көп туура жооп жана бирден көп жакшы ойлордун болушун унутпоо;

*Маалыматты кайдан жана кантип алуу керектигине көңүл буруу;

* Эмнени, кантип окууну билүү;

* Эмнени канчалык деңгээлде билгендигин текшерип туруу;

* Кандай жумуш аткарбасын өзүн дайыма жаңылап, кесиптик билимин жаңы тажрыйбаларга байытуу;

* Адамдар менен мамилени "пайда кördүм - жоготтум" сыяктуу принцип менен өлчөбөй, "канчалык деңгээлде адамдар менен диалог ичинде боло алам?"- деп, өзүн бул багытта өнүктүрүү;

* Кыска убакыттын ичинде башканын эмне деп ойлоп жатканын түшүнүү;

*Айыптоого жана урушууга да чыдай билүү;

* Сынчыл ойлоого ээ болуу;

* Өзүнүн ким экенин даана жана так билүүгө жетишүү;

* Өзүн инсан катары калыптандыруу жана өнүктүрүү;

* Ар дайым өзүн-өзү жаңылоо адатына ээ болуп, дайыма мыкты жана жакшы тарапка карай умтулуу;

* Убакытты туура пайдалануу жолдорун үйрөнүү;

* Келечекке карай көрөгөчтүк менен пландарды коюу;

* Кайсы маалыматты кай жерден алууну билүү;

* Жаттоонун ордуна маалыматты туура жерде жана туура убакытта колдонууну билүү;

* өз оюн маданияттуулук менен жеткиликтүү түшүндүрүү;

* Бүтүндөй дүйнө жүзү кабыл алган жалгыз байлык – адеп-ахлак экендигин унутпоо;

* Туруктуу жана принципиалдуу болуу;

* Кол шилтеп жеңилүүнүн ордуна, ката жана ийгиликсиздиктен сабак алууга умтулуу.

**"Мугалимдерге кеңеш" китебинен алынды**

**Китептин редактору: Т.Алдакулов**

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
З.Божонов, З.Пусуртегин, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев

**Корректор:**
М.Турсунбекова

**Фото кабарчы:**
Р.Максутов

**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Зинагүл Нуралиева
Айбарчын Кулушева
Кутманай Маликова

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №120

## Китеп окууга балдарыбызды кантип үйрөтө алабыз?

1. Балдар насыятка караганда үлгүгө муктаж. Алар дайыма мугалимдердин, ата-энелердин колунан китеп көрүш керек. Өзү китеп окубаган мугалимдин окуучуларда китеп окууга үндөөсү чындыгында өтө кыйын нерсе. Ооруканада докторду күтүп жатканда, паркта отурганда, пикникте ,убакыт тапкан бардык учурда жасаган иши китеп окуу болушу керек;

2. Балдарыбыз китепканага барууну адатка айландырууга тийиш. Китеп дүкөндөрүнө баруу да китепканага баргандай эле көңүл ачуу болуп саналат. Албетте, мындай аракет алардын көңүлүн буруугa жетишет.

3. Үйдө жана мектепте китепкана уюштурулуп, аны кызыктуу китептер менен байытуу зарыл. Мына ушундай жол менен баланын китепке болгон кызыгуусу артат. Бала китептен алган маалыматы боюнча изденүүгө багыт алып, изилдөөнү баштоосу ыктымал.

4. Баланын жашына жана даражасына карап китеп тандалыш керек. Аларга өздөрү кызыккан китепти таап берүү, китепти сүйүп окушуна жол ачат.

Башталгыч класстын окуучуларында китеп окууга кызыгуу дайыма өзгөрүп турат. Биринчи, экинчи класста жаныбар жөнүндөгү жомокторду, үчүнчү класста негизги образ жаш бала болгон кичине аңгемелерди, төртүнчү-бешинчи класста баатырдык мотивдеги аңгемелерди жана дастандарды окутуу пайдалуу болот. Окутула турган китептер биринчи жылдарда сөзү азыраак, сүрөттөрү менен кооздолгон болсо дагы да эффективдүү болот. Класстар жогорулаган сайын сүрөттөр азайып, сөздөр көбөйүүсү зарыл.

5. Китепти сүйдүрүү үчүн балдарга үн чыгарып китеп окуп берүү керек. Колдон келишинче күлкүлүү жана таасирдүү кылып окууга аракет жасоо абзел. Ал үчүн тексттин кээ бир жерлеринде үндү өктөм чыгарып, кээ бир жеринде шыбырап эки адамдын диалогун башка-башка үн менен актёрдук талант менен окуу керек.

6. Балдар үчүн атайын "китеп окуу саатын" уюштурууга болот. Бул саат ал жерде отурган бардыгы отуруп китеп окуусу зарыл. Мектепте аптада бир сабакты"окуу сааты" деп бөлүп койсо болот. Ал мезгилде мүдүр да кошулуп китеп окуусу керек. Чындыгында китеп окууга үндөө боюнча жакшы ыкма деп ойлоймун.

7. Китеп окуу жарыштарын уюштуруп, окууга шыктандыруу керек.

8. Мектептин ичинде китеп жана китеп окуу клубдары уюштурулуп, балдарды бул сыяктуу иш чарага активдүү катышуусуна үндөө керек.

9. Көпчүлүгүбүз башталгыч класстагы туура эмес таасирден улам китеп окуудан ырахат ала албай келебиз. Тез окуу ыкмалары азыркы күнүбүздө бардык өлкөлөрдө колдонулган жана адамга китеп окуунун ырахатын тартуулаган жаңылыктардан. Көз эң идеалдуу камера. Тарткан сүрөттү дароо мээге жөнөтөт. Бул нерсе бир секунддун минден бири болгон убакытта ишке ашат. Бирок эң кызыгы - көздүн көрүү кыймылы, же ылдамдыгы мээнин иштешинен кадыресе артта калганы. Ошондуктан окуган материалдар көбүнчө мээни толук түрдө ошол иш менен алек болуусуна шарт түзө албай келүүдө. Китеп окуп жатканда кээде башка нерселерди ойлонуп, башка кыялдарга батып кетишибиздин себеби да ошол. Тез окуу аркылуу кандайдыр бир текстке көңүл коюп, ойду топтоп окуу менен жыйынтыгында түшүнүү ылдамдыгы да жогорулоодо. Балдарды тез окуу боюнча семинарларга да ээрчитип баруубуз зарыл. Бул семинарлар жаштарга китеп окуу сүйүүсүн калыптандырууга жана мотивация берүүгө эң сонун шарт түзөт.

10. Үн чыгарып окууда туура айтуу, туура басым коюуну балдарыбызга үйрөтүү менен көркөм окууга кызыктырып, балаңызды "дикция" жана "ораторлук" курстарга да ээрчитсеңиз болот.

# Бала тарбиялоодо бул сөздөрдү айта жүрүңүз



Жаш балдарды тарбиялоого киришкен ата-эненин мойнуна чоң эмгек жана жоопкерчилик жүктөлөт. Ошол себептен "жакшы сөз жан эргитет" дешкен чыгар. Айрыкча баланы тарбиялоодогу ар бир сөз ага дем, күч берээрин, ошол эле учурда үмүт-тилектерине балта чабарын билбей калышыңыз мүмкүн. Төмөндө балдарыңызга айтып туруучу 7 нерсе тууралуу жазылган. Бала 3, жаштабы 30 жаштабы, бул сөздөрдү бат-баттан эң жакын адамдарынан угуп туруусу керек.

### 1. Мен сени жакшы көрөм

Адамды жашоодо кыймылдатып, келечекке максат коюп алга карай өнүгүүсүнө жакындарынын сүйүүсү жардам берет. Эгерде ал өзүн кичинесинен эч кимге керек эместей сезип, жан дүйнөсү жалгыздыкка сүңгүп кете турган болсо, чечкинсиз жана ырайымсыз болуп чоңоюусу мүмкүн.

### 2. Мен сени менен сыймыктанам

Чүрпөңүздүн кичинекей ийгилигине да сыймыктануууңузду билдирип турсаңыз, анын шыктануусу артат. Мындай балдар көбүнчө чеберчилик, усталык жана көркөм өнөр менен алектенип, мыкты дизайнер, архитектор болуп чыгышы толук мүмкүн.

### 3. Мени кечирип койчу

Ооба. Дайыма балаңызды гана айыптай бербей, өз кемчилигиңизди да мойнуңузга ала билсеңиз, балаңыз калп сүйлөөдөн, жашыруун аракеттерден алыс болот. Сиздин ар бир аракетиңиз балаңызга чагылыша тургандыгын унутпаңыз.

### 4. Мен сени кечирдим

Ошондойэлебалаңыздынкатачылыктарынкечиребилиңиз. Бир нерсени туура эмес жасап койгондо урушуп, жемелеп унчукпай кала турган болсоңуз бала жоопкерчиликсиздикке үйрөнөт. Ал эми катуу уруша берсеңиз, жек көрүү менен ата-энеге куйүмсүз болуп калышат.

### 5. Мен сени угуп жатам

"Сен кичинесиң, эмнени билмек элең"-деген сөз эң катуу сокку экенин көпчүлүк ата-эне сезбейт. Анын айтып жаткан ар бир пикиринин оң -терсин угуп, түшүндүрүп берүүсү керек. Ак-караны, жакшы-жаманды айрый билүүнү балага ата-эне түшүндүрбөсө, ал жашоодо көп урунушу мүмкүн. Ошондой эле бул балдарда адамдарга ишеним жоголот.

### 6. Сен буга жоопкерчиликтүүсүң

Баланы чечкиндүүлүккө, жоопкерчиликке кичинесинен көндүрүү үчүн ага кайсы бир нерсени ишеним арттырып, тапшыруу керек. Жана дагы дайыма жанында колдоо көрсөтүп туруусу зарыл.

### 7. Сен муну жасай аласың

"Сенин колуңдан келбейт"деген фраза эң "орой жана туура эмес тарбия". Ишеним ааламды башкарат деген сөздү уксаңыз керек. Ооба, балаңызга да ишенимиңиз күч болсо, ал дагы келечекте сиздин үмүт, тилектериңизди ишке ашырат.

***

Акырында айта кетчү нерсе, балаңызды тарбиялай баштагандан мурла өзүңүздү биринчи тарбиялаңыз. Анткени, балаңыз укканына караганда көргөнүнөн көбүрөөк сабак алат.

# ЖҮРӨГҮҢДҮ ТЫҢША

Бул окуя фермадан фермага көчүп-конуп жүргөн ат таптаган саяпкердин баласы жөнүндө. Бала 8-класста окуп жаткан. Бир күнү мугалими окуучуларына "Келечекте ким болгум келет?" деген темада дил баян жазуу керектигин тапшырат.

Бала түнү менен отуруп, келечекте ат фермасынын башчысы (ээси) болууну каалагандыгын баяндаган 7 барактан турган дилбаян жазат. Максатын деталдуу түрдө баяндап, 200 м2 аянттан турган ферманын планына чейин чийип чыгат. Имараттардын акырларынан тартып, ат чуркоочу аянттардын планын толук түшүрөт.

Тапшырылган дил баян окуучунун чындап жүрөгүнүн үнү эле. Эки күндөн кийин мугалим "0" (нөл) деген баа коюлган дил баянын колуна кайтарып берет. Барактын үстүндө "сабактан кийин мага жолук" деген эскертүү да бар болчу.

- Эмне үчүн нөл алдым?-деп сурайт окуучу.

Мугалим өктөм жооп берди:

- Мен силерге реалдуу максатыңарды жазгыла дегем. Сенин дил баяның чындыкка дал келбей турган кыял! Көчүп-конуп жүргөн үй-бүлөң болсо, акчаң жок болсо, ат фермасын кайдан курмак элең? Аны куруу үчүн канча акча керек экенин билесинби? Эгерде тапшырманы чындыкка жакын максаттар менен кайрадан жазып келсең, башка баа коюп беришим мүмкүн".

Бала үйүнө барып терең ойлонот. Атасы менен кеңешет.



-Уулум, бул жөнүндө чечимди өзүң кабыл алышың керек. Бул чечим сен үчүн өтө маанилүү, - дейт атасы.

Бала бир апта ойлонгон соң, тапшырмасына эч кандай өзгөртүү киргизбестен алып барат да мугалимине:

- Сиз койгон бааны өзгөртпөңүз, мен да максаттарымды өзгөртпөймүн,-дейт.

Ошондогу 8-класстын окуучусу азыркы күндө 200 м2 короосу болгон 1000 м2 кеңдиктеги заманбап үйдө жашап жатат. Көп жыл мурун "нөл" деген баага жазган дил баянын үйүнүн эң көрүнүктүү жерине илип койгон. Анын жанына "Эч кимге кыялдарымды жана максаттарымды уурдатпайм. Кандай акыбалда болсом да ар дайым жүрөгүмдү тыңшайм. Анткени ал мени эч качан адаштырбайт" деп жазып койгон.